нерселерди айырмалоого жана башка нерселер менен катар "Мен келечектин көйгөйлөрүнөн өзүмдүн жеке натыйжамды тапкым келет" дегенди билдирүүгө даярдайт.

Колдонулган материалдар:

1. Альтшуллер, Г.С. (1979). *Чыгармачылык так илим катары*. Москва: Советтик радио.
Богоявленская, Д.Б. (1983). Интеллектуалдык активдүүлүк чыгармачылыктын көйгөйү катары. Ростов-на-Дону.
3. Брушлинский, А.В. (1979). *Ой жүгүртүү жана божомолдоо*. Москва: Mysl.
4. Выготский, Л.С. (1934). *Ой жана сөз*. Москва-Ленинград: Сочекгиз.
5. Давыдов В.В. (1972). *Жалпы пикир келишпестиктер*. Москва: Педагогика.
6. Деси, Э., Райан, Р. (1985). *Адамдын жүрүм-турумундагы ички мотивация жана өзүн-өзү аныктоо*. Нью-Йорк: Пленум.
7. Дьюи, Ж. (1916). *Демократия жана билим берүү*. Нью-Йорк: Макмиллан.
Леонтьев А.Н. (1975). Исмердулюк. Фауна адамдары. Москва: Политиздат.

УДК **821.512.154.09:37.011.31** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.587**

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ МУГАЛИМ ОБРАЗЫ — РУХАНИЙ КООПСУЗДУКТУН КЕПИЛИ КАТАРЫ

Танаева Нургуль Шарабидиновна ф.и.к., доцент ОшМПУ
ORCID: 0009-0003-0752-8756
Ош шаары, Кыргызстан, tanaevanurgul1982@gmail.com

ОБРАЗ УЧИТЕЛЯ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА — КАК ГАРАНТ ДУХОВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ

Танаева Нургуль Шарабидиновна
ORCID: 0009-0003-0752-8756
к.ф.н., доцент
ОшГПУ

город Ош, Кыргызстан, tanaevanurgul1982@gmail.com

THE IMAGE OF THE TEACHER IN THE WORKS OF CH. AITMATOV AS A GUARANTOR OF SPIRITUAL SECURITY

Tanaeva Nurgul Sharabidinovna
ORCID: 0009-0003-0752-8756
Candidate of Philological Sciences,
Associate Professor Osh State Pedagogical University
Osh city, Kyrgyzstan, tanaevanurgul1982@gmail.com

Аннотация

Макалада улуу жазуучу Ч. Айтматовдун көркөм мурасындагы мугалимдин образы заманбап коомдун руханий коопсуздугун камсыздоочу негизги фактор катары изилденет. Дүйшөн, Иңкамал апай, Айша апа жана Майсалбек сыяктуу каармандардын философиялык жана моралдык-этикалык позицияларын талдоого алуу менен, агартуучунун образын мамлекеттин жана улуттун туруктуулугунун кепили катары караган. Изилдөөдө мугалимдин инсандык сапаттары, анын коомдук аң-сезимди калыптандыруудагы ролу жана гуманисттик баалуулуктарды сактоодогу мааниси илимий негизде каралат. Макаланын актуалдуулугу глобалдашуу доорунда улуттук иденттүүлүктү жана руханий бүтүндүктү сактоодогу педагогикалык ишмердүүлүктүн стратегиялык мааниси менен шартталган. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалим образы — бул жөн гана кесип эмес, коомдун деградациясына бөгөт коюучу руханий уютку жана туруктуулуктун негизи экендиги далилденет.

Аннотация

В статье исследуется образ учителя в художественном наследии великого писателя Ч. Айтматова как ключевой фактор обеспечения духовной безопасности современного общества. На основе анализа философских и морально-этических позиций таких персонажей, как Дюйшен, Инкамал апай, Айша апа и Майсалбек, образ просветителя рассматривается как гарант стабильности государства и нации. В исследовании научно обосновываются личностные качества педагога, его роль в формировании общественного сознания и значение в сохранении гуманистических ценностей. Актуальность работы обусловлена стратегической важностью педагогической деятельности в сохранении национальной идентичности и духовной целостности в условиях глобализации. Доказывается, что образ учителя в произведениях Айтматова — это не просто профессия, а нравственный стержень и фундамент устойчивости, препятствующий социальной деградации.

Abstract

The article examines the image of the teacher in the literary heritage of the great writer Ch. Aitmatov as a key factor in ensuring the spiritual security of modern society. By analyzing the philosophical, moral, and ethical positions of characters such as Duishen, Inkamal apai, Aisha apa, and Maisalbek, the educator's image is viewed as a guarantor of the state and nation's stability. The study provides a scientific basis for the teacher's personal qualities, their role in shaping public consciousness, and their significance in preserving humanistic values. The relevance of the paper stems from the strategic importance of pedagogical activity in maintaining national identity and spiritual integrity in the era of globalization. It is proven that the image of the teacher in Aitmatov's works is not merely a profession, but a spiritual core and a foundation of stability that prevents social degradation.

Ачкыч сөздөр: Чыңгыз Айтматов, мугалим образы, руханий коопсуздук, агартуучу, педагогикалык этика, гуманизм.
Ключевые слова: Чингиз Айтматов, образ учителя, духовная безопасность, просветитель, педагогическая этика, гуманизм.
Keywords: Chingiz Aitmatov, teacher’s image, spiritual security, educator, pedagogical ethics, humanism.

Азыркы ааламдашуу жана технологиялык трансформация доорунда адамзаттын алдында «руханий коопсуздук» маселеси курч турат. Бул контекстте Чыңгыз Айтматовдун адабий мурасы өзгөчө мааниге ээ. Жазуучунун концепциясында адам баласынын келечеги анын техникалык жетишкендиги менен эмес, ички этикалык маданияты жана рухий тазалыгы менен аныкталат. Бул процесстин башкы фигурасы — мугалим.

Ч. Айтматов «Ар бир доор өз каарманын жаратат» деген философиялык принципке таянуу менен, Октябрь революциясынан кийинки кыргыз айылына Дүйшөндүн образын алып келет. Дүйшөн — жөн гана сабатсыздыкты жоюучу эмес, ал — эскичил көз караштын курчоосунда калган элдин аң-сезимин коргоочу жана жаңы багыт берүүчү күч. Автор каармандын портретин мындайча сүрөттөйт: *«…темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу… өкүмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш, мектеп ачып, бала окутат имиш дешти …»* [1, 350-б.]. Бул жерде Дүйшөндүн «солдат шинели» — анын күрөшчүл мүнөзүнүн жана өз ишине берилгендигинин символу. Анын илимий-педагогикалык билиминин жоктугуна карабастан, анын ички **этикалык потенциалы** заманбап билим берүүнүн негизин түзөт. Дүйшөндүн мектеп ачышын автор адам баласынын «отту багынткан» тарыхый кадамына теңейт. Бул метафора чыгарманын идеялык мазмунун ачып берет: от кандайча жылуулук жана жарык берсе, билим дагы ошондой эле руханий караңгылыктан сактайт. *«Бирок алардын жашоону өзгөрткүсү келген каалоосу ченемсиз эле!»* — бул саптар Дүйшөндүн образындагы **педагогикалык оптимизмди** мүнөздөйт. Айтматов Дүйшөндү сүрөттөөдө карама-каршылыктуу (антитеза) ыкмасын колдонот. Бир тараптан,

айылдаштарынын шылдыңы жана кайдыгерлиги: *«Ой, Дүйшөндүн жоруку курусун! Ушуну да мугалим деп…»* [1, 362-б.], экинчи тараптан, анын келечекке болгон чексиз ишеними. Бул карама-каршылык Дүйшөндүн образын драмалык бийиктикке көтөрүп, аны «руханий курмандыкка» даяр идеал катары көрсөтөт. Дүйшөндүн эң чоң жеңиши — бул Алтынайдын тагдырын өзгөртүүсү. Анын: *«Бактылуу бол. Канатыңды жазып талпынгын, Алтынай. Эчтемеден тайманба, чабыттап учкун, окуй бер...»* [1, 386-б.] — деген сөздөрү — бул жөн гана коштошуу эмес, бул устаттын шакиртине берген этикалык батасы (насааты). Бул жерде мугалимдин миссиясы — инсандын ички эркиндигин ойготуу экени ачык көрүнөт. Айтматовдун генийлиги биринчи мугалимдердин ак пейилдигин жана аруулугун замандын моралдык эталонуна айлантканында. Бүгүнкү күндө «руханий коопсуздук» дегенибиз — бул Дүйшөн сыяктуу өз кесибине берилген, баланын келечеги үчүн жоопкерчиликти сезген инсандардын ишмердүүлүгү. Азыркы жогорку билимдүү педагогдор үчүн Дүйшөндүн «жүрөк жалыны» эң зарыл баалуулук болуп кала берет. «Ар бир доор өз каармандын жаратат» демекчи, Ч. Айтматов кыргыз адабиятына жаңы замандын жарчысы катары Дүйшөндүн образын алып келген. Дүйшөн — жөн гана тамга таанытуучу эмес, ал — дооорлордун тогошуусунда улуттун руханий коопсуздугун билим аркылуу камсыз кылууга умтулган алгачкы реформатор. Дүйшөндүн коомдогу ордун анын кийими жана иш-аракети аркылуу таасын көрсөтөт: *«Биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинел кийген чоочун жигит келди»* [1, 352-б.]. Анын аскер шинели — бул эскиликке каршы күрөштүн символу. Дүйшөндүн: *«Мен молдо эмесмин. Мен комсомолмун... Мен аскерде жүрүп кат таанып келдим»* [1, 351-б.] – деген сөздөрү билим берүү тармагынын светтик жана гуманисттик багытка бурулганын айгинелейт. Дүйшөндүн мектеп ачышы — бул адамзат тарыхындагы отту багындырууга тете улуу окуя. Анын ак жүрөктүүлүгү Алтынайга берген батасында даана көрүнөт: *«Бактылуу бол. Канатыңды жазып талпынгын, Алтынай. Эчтемеден тайманба, чабыттап учкун...»* [1, 386-б.]. Бул жерде педагогикалык оптимизмдин туу чокусу чагылдырылган. Эгерде Дүйшөн тынчтык заманда билимдин пайдубалын түптөгөн болсо, андан кийинки мугалимдердин тагдыры адамзатты ойрон кылган согуш апаатына туш келди. Бул этапта мугалимдин ролу жөн гана окутуу эмес, экстремалдык шартта адамдык касиетти сактап калуучу калканына айланды.

Согуш мезгилиндеги мугалимдердин образы «Эрте жаздагы турналардагы» Иңкамал апай жана «Саманчынын жолундагы» Майсалбек аркылуу ачылат. Бул жерде мугалим — ооруктагы жана кан майдандагы руханий жоокер. Иңкамал апайдын суук класста, ачка балдарга Цейлон аралы жөнүндө айтып жаткан учуру — Айтматовдун генийлигинин далили: *«Үшүп отурган балдарын ичинен бирөө ыкшып жөтөлсө сөзүн токтото калып... суук класста Цейлон жөнүндөгү сабагын өтүп жатыры»* [2, 365-б.]. Бүгүнкү күндөгү педагогика илиминдеги «Тынчтык билими» (Peace Education) термини Иңкамал апайдын ишмердүүлүгү менен түздөн-түз үндөшөт. Согуштун каардуу реалдуулугуна карабай, балдарга алыскы экзотикалык аралдар, сулуулук жана дүйнөнүн бүтүндүгү тууралуу билим берүү — бул окуучулардын психологиялык туруктуулугун сактоо жана аларды зордук-зомбулуктан руханий жактан коргоо болуп саналат. Бул — билим берүүнүн гуманисттик терапиясы. Ал эми Майсалбек («Саманчынын жолу») — мугалимдик ариетти жарандык намыс менен айкалыштырган инсан. Анын фронтко кетиши жана тагдыры — бүтүндөй бир муундун этикалык тандоосу. Майсалбек үчүн мугалимдик миссия согуш талаасында да токтогон эмес; анын каты жана каармандыгы окуучулары үчүн эң чоң өмүрлүк сабакка айланган. Ч. Айтматовдун чыгармачылык эволюциясында мугалимдин образы улам татаалданып, коомдогу социалдык-этикалык өзгөрүүлөрдүн күзгүсүнө айланган. Эгерде «Биринчи мугалимде» Дүйшөн келечекке зор ишеним менен караса, 70-жылдардагы чыгармаларында жазуучу «педагогикалык оптимизмдин» солгундаганын жана руханий коопсуздуктун бошоңдогонун коңгуроо катары кагат.

«Ак кеме» повестинде мектептин абалы — бул коомдун ички чирип баштагандыгынын метафорасы. Баланын көзү менен берилген мектептин сүрөттөлүшү: *«...жалгыз мору кыйшайып, мектеп там ээн турат... терезенин бир көзү сынып, ордуна гезит чаптап коюшуптур...»* [2, 210-б.], — бул билим берүү тармагынын мамлекеттик жана моралдык

камкордуктан четте калганын далилдейт. Социализмдин гүлдөп турган доорунда мугалимдин материалдык жана моралдык абалынын төмөндөшү Айтматов тарабынан курч сынга алынат. Орозкул сыяктуу терс каармандардын мугалимди «*..азыр эле жеткире коюп, кайра чаап келе калам. Бала мектебинен кечиксе мугалим эжейине уят болор”, - дейт. Уялар кишинин тапканын! Алжыган акмак.! Уялары жанагы куу жамбаш келинби, беш жылдан бери ийининен бир пальто түшпөйт. Качан көрсөң бир колтук дептерлерди бооруна кысып баратканы. Качан көрсөң райондун жолунда турганы. Эмне керек эле? – Мектепке көмүр керек эле, айнек керек эле, көмүр керек эле....А көрө жетим мектеп деп койсо туура болиок* [2, 276-б.] деп шылдыңдашы — билимдин күчүнө караганда, бийлик менен байлыктын үстөмдүгү орногон коомдун трагедиясы. Бул жерде руханий коопсуздуктун негизги түркүгү болгон мугалимдин бедели түшүп, анын натыйжасы баланын өлүмү (идеалдын кыйрашы) менен аяктап жатат.

Жазуучунун К. Мухамеджанов менен биргеликте жараткан «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасында мугалимдик этика жана тарбия маселеси экзистенциалдык деңгээлге көтөрүлөт. Мында мугалим Айша апанын образы аркылуу «тарбияда танапис (брейк) жок» деген улуу концепция сунушталат. Драмадагы классташтардын жолугушуусу — бул жөн гана дидарлашуу эмес, бул этикалык отчет. Мектепте берилген тарбиянын натыйжасы 10-20 жылдан кийин гана алардын кылган иштери, адамдык сапаттары аркылуу текшерилет. Айтматов бул жерде адамдын коомдогу ээлеген кызматы же даражасы анын «тарбиялангандыгынын» көрсөткүчү боло албасын баса белгилейт. Классташтардын тоо башында күнөөлөрүн бири-бирине оодарышы жана кокусунан болгон өлүм — бул мугалим берген этикалык сабактардын турмуштук сыноодон өтпөй калгандыгынын далили. Жазуучунун айтуусунда, адам ичтен тазаруусу (катарсис) үчүн өмүр бою күрөшүүсү зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдин образы Дүйшөндүн жан аябастыгынан башталып, Айша апанын моралдык насааттарына чейинки татаал жолду басып өттү. Жазуучунун мугалим каармандары — Дүйшөн, Иңкамал апай жана Майсалбек — адамзаттын руханий коопсуздугунун архитекторлору. Алар ар кандай тарыхый доорлордо (революция, тынчтык курулушу, согуш) бир гана максатты көздөшкөн - адамдагы адамдык сапатты сактап калуу.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Айтматов, Ч. Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 2-том: Повесттер («Ак кеме»). – Б.: Бийиктик, 2009. – 480 б.
2. Айтматов, Ч. Т., Мухамеджанов, К. Фудзиямадагы кадыр түн: Драма. – Б.: Адабият, 1988. – 96 б.
3. Акматалиев, А. Айтматов ааламы: Изилдөөлөр жана ой толгоолор. – Б.: Шам, 2013. – 320 б.
4. Кадыров, А. Айтматов жана педагогика: Окуу куралы. – Ош: ОшМУ, 2018.
5. Harris, I. M. Peace Education. – McFarland & Company, 2015. (Тынчтык билими концепциясы боюнча кошумча адабият).